# Таалим-Тарбиядагы

# 101 Кадам



Осман Нури ТОПБАШ

Китеп Алла Тааланын ыраазычылыгы үчүн
акысыз таратылат.

БИШКЕК-2018

# Таалим-Тарбиядагы
# 101
# Кадам

Осман Нури ТОПБАШ

УДК 29
ББК 86,38
Т 58

**Которгон:** Жаркынбай Себетов
**Автор:** ТОПБАШ Осман Нури

Т 58 Таалим-тарбиядагы 101 кадам / Котор. Ж. Себетов. - Б.: 2018. 108 б.

ISBN 978-9967-9114-3-7

Бул китепчеде таалим-тарбия берүүдө өзгөчө көңүл буруу керек болгон айрым жагдайлар тууралуу маалымат берилген.

Бул китеп Кыргызстан Мусулмандарынын дин башкармасы
тарабынан тастыкталат. №100 01.11.2018 жыл.

Т 0403000000 УДК 29
ISBN 978-9967-9114-3-7 ББК 86,38
© Осман Нури ТОПБАШ, 2018

Нускасы: 1000 даана

# КУРАНИ КАРИМДЕН:

"Алла Таала сага жакшылык кылгандай, сен да (адамдарга) жакшылык кыл..."

(Касас, 77)

"Мындан соң (силерге берилген жакшылыктардан) ошол күнү сөзсүз суралasыңар." (Такасур, 8)

# 1

Тарбия эненин курсагында башталат.
Ошондуктан алгачкы мугалим – эне.

# 2

Балдар – ата-энеге жана мугалимге
Жараткан тарабынан берилген аманат.

# 3

Ата-эненин балдарына калтыра турган эң кымбат мурасы – жакшы адеп-ахлак, аруу кулк-мүнөз. Ал эми булар тарбия аркылуу ишке ашат.

# 4

Адам баласы тарбияга муктаж. Эң ардактуу кесип – тарбия берүү, үйрөтүү. Алла Таала пайгамбарларды адамдарга мугалим, тарбиячы катары жөнөткөн. Ошондуктан, таалим-тарбия берүүнү пайгамбарлардын кесиби деп айтсак болот.

# 5

Мугалим жөн гана маалымат
берүүчү эмес,
ал – сөзү менен дагы, иши менен
дагы окуучуга жол көрсөтүүчү жана
адептүүлүктү, адамгерчиликти
үйрөтүүчү адам.

# 6

Баланы өстүрүү, багып чоңойтуу үчүн
аны үй-жай менен камсыз кылуу,
курсагын тойгозуу эле жетиштүү эмес.
Анын акыл-эсин, түшүнүгүн жана жан
дүйнөсүн илим-билим жана адеп-ахлак
менен кооздоо керек.

# 7

Мугалим – жөн гана окутуучу эле эмес, ал – тарбия берүүчү, окуучунун дүйнөтаанымын, аң-сезимин өнүктүрүп-өрчүтүүчү адам.

# 8

Куш бир канаты менен уча албайт. Анын сыңарындай, таалим-тарбияда да бир тараптуулук адамдын акыл-эсин, ой жүгүртүүсүн чектейт. Ошондуктан, баланы руханий жактан тарбиялоонун да зор мааниси бар.

# 9

Турмуштун агымына туруштук бере албаган, ага өзүн ылайыкташтыра албаган ар бир жан убакыттын өтүшү менен атын да, затын да жоготот. Азирети Алинин мындай деген насыяты бар:

*“Балдарыңарды өзүңөр жашаган учурга эмес, келечекте алар жашай турган учурга жараша тарбиялап өстүргүлө.”*

# 10

Жакшы тарбия көрүп өскөн, өз ишин мыкты аткарган аз сандагы адам менен жеңишке жетип, көптөгөн ийгиликтерди багындыруу мүмкүн.

# 11

Кайсы бир элдин, улуттун келечегин билүү үчүн көзү ачык болуштун кереги жок. Ошол элдин, улуттун жаштарына карап эле келечекти билсе болот. Эгер жаштар күчүн, убактысын жакшы иштерге жумшап, жан дүйнөсүн өнүктүрүүгө, илим-билимин өркүндөтүүгө аракет кылып жатышса, анда ал элдин келечеги кең, жарык. Ал эми жаштар жаман жолго түшүп, күч жана убактысын жеке кызыкчылыгы үчүн жумшап жатса, андай элдин келечеги караңгы.

# 12

Жаркын келечек жаратуу – балдарды адамгерчиликке, ыйманга тарбиялап, аларга жакшы илим-билим берүү менен ишке ашат.

# 13

Мугалим жөн гана мугалим болуу менен чектелбестен, балдарга акыл айтып, алардын жакын досу дагы болушу керек.

# 14

Айтканы менен кылганы бири-бирине туура келбеген адамдын башкаларды өзүнө ынандыруусу мүмкүн эмес. Ошондуктан мугалимдин айткан сөзү менен кылган иши бири-бирине дал келиши керек.

# 15

Мугалим жана тарбиячы окуучуларга үйрөтүп жаткан жакшы иштерди алгач өзү аткарып, аларга мисал, үлгү болгонго аракет кылышы керек.

# 16

Өзүнүн инсандык дарамети, жан-
дүйнөсү жана ишмердиги өнүккөн
мугалим гана окуучулардын
дүйнөтаанымын, түшүнүгүн жана аң-
сезимин калыптандырууга умтулат.

# 17

Мугалим өзүнүн татыктуу таалим-тарбия бере алышына ишендире алышы керек. Себеби, мындай ишеним болбогон жерде татыктуу таалим-тарбиянын ишке ашышы мүмкүн эмес.

# 18

Мугалим – коомдун күзгүсү. Калктын маданиятынын өнүгүп-өрчүшүнө мугалимдин да эмгеги чоң таасир тийгизет.

# 19

Мугалим окуучулар менен баарлашканды, пикир алышканды жакшы өздөштүрүшү керек.

# 20

Мугалим өзүнө аманат катары берилген ар бир окуучунун келечекте улуу инсандардын катарын толукташы мүмкүн экенин эске алышы керек. Балким, дүйнөнү өзгөртө турган адамдар азын анын жанында болушу мүмкүн.

# 21

Окуучуларга татыктуу билим, тарбия берүү үчүн мугалим өзүн өнүктүрүүгө да көңүл бурушу керек. Дайыма алга карай умтулуп, ар тараптуу жеткилең болууга аракет кылуу – анын негизги мүдөөсү болушу зарыл. Окуучулардын кандайдыр бир ишке болгон жөндөмү, таланты мугалимдин көңүлкоштугунан улам көз жаздымда калып, өчүп кетиши мүмкүн.

# 22

Келечекти жакшы жакка өзгөртө турган адамдар – мына ушуга татыктуу мугалимдердин, тактап айтканда, билими менен дагы, адеп-ахлагы, жүрүм-туруму менен дагы тарбия бере алган мугалимдердин эмгегинин мөмөсү.

# 23

Окуучуларынын илим-билим, адеп-ахлак жана адамгерчилик жагынан мыкты болушун самаган мугалимдин өзү да билимдүү, адеп-ахлактуу жана адамгерчиликтүү болушу керек эмеспи.

# 24

Устанын эмгеги кылган ишине, оңдогон буюмуна жараша бааланат. Мугалимдин эмгегине да окуткан, тарбиялаган окуучуларына карап баа берилет.

# 25

Мугалимдин өзүн-өзү өнүктүрүүсү – анын негизги милдети. Себеби, илим-билим жана тарбия берүүнүн талаптарына жооп бербеген, өз ишин мыкты, так аткара албаган мугалим окуучулардын убактысын эле алганы болбосо, андан башка ишке жарабайт.

# 26

Окуучу – мугалимге берилген аманат. Аманатка кыянат кылбоо – анын башкы милдети. Мыкты мугалим – мына ушуну сезе билген мугалим.

# 27

Бардык эле адам айта турган сөзүн орчундуу деп эсептеп, башкалардын аны көңүл коюп угушун каалайт. Ошондуктан мугалим да өз көйгөйүн айткан айтканы келген окуучусун көңүл коюп тыңдап, колунан келишинче ага жардам бергенге, маселесин чечкенге умтулушу керек.

# 28

Мугалим окуучусу менен алектенгенин, ага ызаат көрсөткөнүн сөзү менен да, кыймылы менен сездире алышы керек.

# 29

Окуучунун жөндөмүн мокотуп,
ынтаасын өчүргөн мугалим
Жаратkандын алдында жооп берерин
унутпашы керек.

# 30

Мугалим ар окуучусунун мүнөзүн, өзгөчөлүгүн, жөндөмүн жакшы билиши керек. Ошондо гана аларга туура тарбия бере алат.

# 31

Окуучулардын мүнөзү, түшүнүгү жана кабыл алуусу ар түрдүү болгондуктан, мугалим айткан ар бир сөз же сунуш бардык эле окуучуга пайдалуу болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан, мугалим окуучуларынын ички дүйнөсүн да жакындан таанышы керек.

# 32

Мугалим окуучуларын жөндөмдөрүнө жараша багыт берип, тарбиялашы үчүн алардын мүнөздөрүн, жөндөмдөрүн жакшы билиши керек.

# 33

Азыркы заманда адамдар сууда аккан саман сыяктуу учурдун агымында эч нерседен капарсыз бараатат. Мына ушуларды ойготуучу, эскертүүчүлөр да мугалимдер, окутуучулар.

# 34

Мугалим окуучуларга оор тапшырмаларды бербегенге аракет кылышы керек. Тапшырма берүүдө окуучулардын аң-сезими, түшүнүгү эске алынышы кажет.

# 35

Адилеттүү мугалим – класстагы бардык окуучунун мугалими. Адилеттүүлүк болбогон класста тынчтык болбойт, тынчтык болбогон класста сабак жүрбөйт, сабак өтүлбөгөн жерде илим-билим өнүкпөйт, тарбия ишке ашпайт.

# 36

Мугалим өзүнүн калыстыгына, адилеттүүлүгүнө көлөкө түшүрө турган сөздөрдөн, кыймыл-аракеттерден алыс болушу кажет.

# 37

Мугалим бир гана баа койгондо эле эмес, бардык учурда жана бардык жерде адилеттүү болушу керек.

# 38

Мугалим теманы түшүндүрүүнү окуучулардын кызыгууларына, ишмердүүлүктөрүнө, даярдыктарына жана материалдарга жараша пландашы керек. Мына ошондо анын сабагы кызыктуу өтүп, жемиштүү болот.

# 39

План боюнча иш кылган мугалим кайсы убакта кайсы теманы өтө турганын, сабакта эмнени айта турганын билет.

# 40

Мугалим сабакты уюштурууда түшүндүрүү ыкмаларын кайсы убакта жана кантип колдонушу керек экенин да билиши керек.

# 41

Мугалимдин милдети окуучуларга жөн гана тема боюнча маалымат берүү менен чектелүү эмес. Ошондуктан сабак учурунда окуучулардын кызыгуусун арттыруучу айрым материалдарды да колдоно билиши керек. Сабакты турмуш менен байланыштырып түшүндүрүү жана суроо-жооп ыкмасын ыкмасын колдонуу – окуучулардынбир саат бою сабакты көңүл буруп угуусун камсыз кылат.

# 42

Тарбияда, билим берүүдө ийгиликке жетүүнүн сыры – сабырдуулукта, бекемдикте жана ишине берилгендикте жатат.

# 43

Мугалим туш болгон ар кандай кыйынчылыктарга баш ийбей, тескерисинче мындай учурларда кубаттанып, дагы да алга карай умтулуусу күч алуусу керек.

# 44

Мугалим – билимсиздик, караңгылык, түркөйлүк менен күрөшкөн, адамдарды жарык келечекке үндөп, сүрөгөн адам.

# 45

Мугалимдик бекемдикти,
сабырдуулукту талап кылат.
Турмуштун, кесиптин оош-кыйыштары
мугалимдин көңүлүн түшүргөнү менен,
аны кесибинен сууганга алып барбайт.

# 46

Тарбиялоо, илим-билим үйрөтүү убактылуу эле иш эмес. Акыркы демге чейин ак ниет, чын жүрөк менен аткарылышы керек болгон улуу иш. Ошондуктан, мугалимдин менен тарбиячы ар бир кыйынчылыкка сабыр кылып, бир гана Жаратканга таянышы керек.

# 47

Мугалим – кайсы гана чөйрөдө болбосун дайыма ыймандуулугун жана ынсаптуулугун көрсөтө алган, жүрөгүн мал-мүлк жана дүйнөлүк пайда табуу сыяктуу ойлордон алыс кармай алган, тарбияга жана илим-билимге суусап турган жандардын үнсүз кыйкырыктарын туя билген адам.

# 48

Мугалимдин ишин аткарам деп үй-бүлөсүнө: жубайына, бала-чакасына жана ата-энесине жакшы көңүл бурбай, аларды көз жаздымда калтырышы канчалык туура эмес болсо, буларды шылтоолоп ишин так аткарбаганы да ошончолук туура эмес.

# 49

Албетте, мугалим – оор кесип, анын түйшүгү, оош-кыйыштары көп. Буга чыдоонун бирден-бир жолу – өз кесибин сүйүп аткаруу.

# 50

Мугалим, тарбиячы окуучуларына сабактан тышкаркы убактарда көңүл бурушу керек. Жөн гана эрте менен жумушка келип, кечинде үйүнө кайткан кызматкер болбошу зарыл.

# 51

Мугалим көйгөй жараткан эмес, тескерисинче ар түрдүү көйгөйлөрдү, маселелерди чече алган адам болушу керек. Аткарылган иштен кемчилик издеп, сындаган эмес, иштердин мындан ары дагы да жакшы жүзөгө ашышы үчүн дем, күч берген адам болушу зарыл.

# 52

Мугалим аткарылган иштердеги кемчилик үчүн дароо башкаларды күнөөлөбөй, алгач кемчиликти өзүнөн издеши керек.

# 53

“Мен эмне кылайын? Окуучулардын жөндөмү жок, заман өзгөрдү, кызыгуу жок” сыяктуу шылтоолор менен ишин так аткарбаган мугалимге Алла Тааланын таштын ичинен дарак өстүрүп, андан мөмө чыгаруусу эң сонун жооп.

# 54

Тарбия, билим берүү – ар кандай кыйынчылыктарга чыдоо чеберчилиги. Ал эми чыдоо, сабыр кылуунун ордуна кейүү, даттануу болгон жерде тарбиянын, билим берүүнүн мөмөсү болбойт.

# 55

Мугалим мүмкүнчүлүктү күтүп эле отура бербеши керек. Дайыма изилдеген, мүмкүнчүлүк жаратуу үчүн талыкпай эмгектенген мугалим утушка жетет.

# 56

Тарбия отуруу менен гана ишке ашпайт. Тарбия чоң энергияны талап кылат. Ошондуктан, мугалимдин, тарбиячынын жүрөгү дайыма оң энергия менен толуп-ташып турушу керек.

# 57

Ак ниет жана чын жүрөктөн себилген тарбия, илим-билим үрөнүнүн келекчекте мол түшүм берери айдан ачык.

# 58

Мугалим жүрүш-туруш эрежелерин жакшы билип, буларга туура келбей турган сөз жана кыймылдардан алыс болушу керек.

# 59

Мугалим өз ишинин улуу милдет, улуу кесип экенин сезе билиши керек. Мына ушундай улуу милдетти аткарууда башка бирөөнүн да көңүлүн оорутпоого, ошол эле учурда өзү да башка бирөөлөргө ашыкча капаланбоого аракет кылышы зарыл.

# 60

Мугалим айткан сөздөрүнө, кылган кыймыл-аракеттерине көңүл бурушу зарыл, керек болсо тамашалашканда да сылыктыкты, назиктикти унутта калтырбашы керек.

# 61

Мугалим – ак ниет, кичи пейил адам. Ошол эле учурда ал олуттуулукту жана оор басырыктуулукту көз жаздымда калтырбашы керек.

# 62

Инсанды тарбиялоодо мугалимдин салымы өтө чоң экени талашсыз. Ал балдарды турмуш жолуна, келечеккедаярдайт. Анын айткан ар бир сөзү баланын келечегине таасир этиши мүмкүн.

# 63

Окуучулар мугалимдин ар бир жүрүм-турум, кыймыл-аракетинен үлгү алат. Ошондуктан, мугалим тилине жана ишине өтө көңүл бурушу керек.

# 64

Мугалим кечиримдүү болушу керек. Башкаларга кечиримдүү болгондун күнөөлөрүн Жараткан да кечирет.

# 65

Бардык эле адам өзүнө жакшы мамиле кылынуусун самайт. “Жылуу сөз жыланды ийининен чыгарат” деген сыңары, жакшы мамиле душмандын кастыгын, достун жакындыгын арттырат.

# 66

Көңүл ооруткан, орой сөздөр жана жүрүм-турум менен таалим-тарбия берүү мүмкүн эмес.

# 67

Окуучуларды тынчтандыруу, тартипти сактоо деген шылтоо менен мугалимдин окуучуларга орой сөз айтып, катуу тийүүсү туура эмес.

# 68

Окуучуларга катуу мамиле кылуу кекчилдикти пайда кылат. Өтө эле жумшак мамиле кылуу болсо мугалимдин аброюн азайтат.

# 69

Мугалим орой сөз колдонбой, дайыма жыкшы, жылуу, окуучуга дем, күч берген сөздөрдү сүйлөшү керек. Себеби, орой, жаман сөздөр эч кимге жакпайт. Башка бирөөнүн көңүлүнөн орун табуу, ишенимине кирүү жылуу, жакшы сөздөр менен мүмкүн.

# 70

Өзүн психологиялык жактан жакшы сезбеген учкучка самолетту башкарууга уруксат берилбейт. Анын сыңарындай, ачуулуу же маанайы жок болуп турган мугалимдин да сабак өтүүсүнө уруксат бербөө керек.

# 71

Мугалим окуучуларга эскертүү бергенде дагы, насыят айтканда дагы оор басырыктуулугун сактай билиши керек. Ошондой эле, мындай учурларда алардын көңүлүн оорута турган сөздөрдөн, кыймылдардан алыс болушу зарыл.

# 72

Мугалимдер өз ара кеңешүүнү да унутта калтырбашы керек. Кеңешүү менен кылынган иште береке болот жана мугалимди ийгиликке жетелейт.

# 73

Адамгерчиликтүү, ыймандуу,
иш билги жана сылык-сыпаа
мугалимдин окуучуларына калтырган
таасиримындай сапаттары болбогон
мугалимге караганда алда канча
жогору.

# 74

Мугалим – жүрүм-туруму менен дагы, сүйлөгөн сөзү менен дагы, кылган иши менен дагы үлгү болгон адам.

# 75

Мугалим окуучунун жан дүйнөсүнө азык берип, аны ар кандай жаман сапаттардан, жаман мүнөздөрдөн арылтууга аракет кылат.

# 76

Мугалим окуучулардын көңүлүн багынтып, аларга татыктуу таалим-тарбия бере алышына ынандыра алышы керек.

# 77

Үлгүлүү мугалим – өз кесибин мыкты аткарган жана окуучулардын, дегеле адамдардын көңүлүн таба билген адис.

# 78

Мугалим – жан дүйнөсү бай, руху терең, маданияты кенен адам. Ал мына ушул өзгөчөлүгү менен окуучуларга татыктуу таалим-тарбия берип, аларды келечекке тарбиялайт.

# 79

Аракет бардык көйгөйдү чечет. Ошондуктан, көйгөй менен келген окуучуну жөн кетирбей, алгач анын көңүлүн жибиткенге, андан соң көйгөйүн чечкенге аракет кылуу керек.

# 80

Мугалимдин окуучуларын жакшы көрүп-көрбөгөнү – өзкесибин, милдетин так аткарып-аткарбаганы менен өлчөнөт.

# 81

Мугалим окуучулары кайгырса кошо кайгырып, сүйүнсө кошо сүйүнүшү керек.

# 82

Мугалим – окуучулардын кемчиликтерин издеп, ар кимге жайган эмес, тескерисинче алар кетирген катачылыктарды жаап-жашырып, аларды оңдогонго аракет кылган адам.

# 83

Жакшы көрүү эки тарапта тең болгондо гананатыйжалуу боло турган сезим. Таалим-тарбияда да мугалим менен окуучулар бири-бирин жакшы көрүшкөндө, сыйлашканда гана андан натыйжа күтүүгө болот.

# 84

Мугалим окуучуларына жакын болсо, алар да мугалимге ошончолук жакын болушуп, сый-урмат көрсөтүшөт.

# 85

Окуучулар мугалимди жакшы көрүшсө,
анын сабагына да кызыгышып,
айткандарын кунт коюп угушат.
Мугалим да окуучуларын жакшы көрүп,
аларга мээрим төксө, анын айткандары
окуучулардын жүрөгүнө таасир этет.

# 86

Мугалим окуучуларын жакшы көрүп, дайыма алар менен алектенип турушу керек.

# 87

Көңүлсүз өтүлгөн сабак окуучуларга таасир этпейт.

# 88

Мугалимдер окуучулардын жүрөгү менен мээсине аруулук тартуулап, мына ушул эки мүчө аркылуу алардын дүйнөтаанымын кеңейтет.

# 89

Жараткандын алдындагы жана элдин алдындагы милдетин так аткара билген мугалимдин таалим-тарбиясы, окутуп-үйрөтүүсү башкаларга караганда алда канча таасирдүү, маңыздуу жана пайдалуу болот.

# 90

Мугалим болуу үчүн боорукердик, мээримдүүлүк сыяктуу сапаттарга ээ болуу керек.

# 91

Мугалим окуучуларга дайыма боорукер мамиле жасашы керек. Себеби, боорукердик – таалим-тарбия берүүнүн эң негизги куралы.

# 92

Боорукердик, мээримдүүлүк – ийгиликтүү мугалимдин эң башкы сапаты.

# 93

Ташбоор, мээрими жок жана жеке өзүнүн гана кызыкчылыгын көздөгөн адамды мугалим, тарбиячы кылуу – адамдарга зулумдук кылуу менен менен барабар.

# 94

Кулпурган гүлдөр, көрктүү бакчаларэң катаал адамдын дагы көңүлүн жибите алат. Ошондуктан, мугалимдердин, тарбиячылардын мүнөзү да гүл сыяктуу, көрктүү бакча сыяктуу болуп, бардык окуучулардын көңүлүн көтөрө алышы керек.

# 95

Мугалим кылган ишиндеги кемчиликти өзүнөн, ал эми ийгиликти Жараткандан деп билиши керек.

# 96

Мугалим – ардактуу кесип. Бул да болсо Жараткандын ыроосу, белеги. Мугалим мына ушуну сезе билип, Жаратканга болгон ыраазычылыгын окуучуларына берген таалим-тарбиясы менен билдириши зарыл.

# 97

Таалим-тарбияда “мен” деген эмес,
“биз” деген түшүнүк болуш керек.

# 98

Мугалим, тарбиячы жашоосунда башкаларга үлгү боло тургандай өткөрүшү керек.

# 99

Ар бир күн – өмүрүбүздүн жаңы барагы. Бул таптаза баракты булгабай, кирдетпей жакшы толтуруу – өзүбүздүн колубузда.

# 100

Мугалим окуучулары менен өткөргөн ар бир көз ирмемди акыркы деми деп сезип, убакытты туура пайдаланышы керек жана бул үчүн дайыма Жаратканга шүгүр кылган абалда болушу керек.

# 101

Балдар бул дүйнөдө ата-эненин жана мугалимдердин тарбиясына муктаж. Акыретте болсо ата-эне менен мугалимдер өздөрү тарбиялаган балдардын алар үчүн кылган дубаларына, жакшы иштерине жана сообу үзүлбөгөн садагаларына муктаж болот.

# Куран жана сүннөттөн айрым насыяттар:

*Сөздөрдүн эң көркөмү, эң коозу – Алла Тааланын китеби, Куран.*

*Эң жакшы жол – Азирети Пайгамбардын жолу, сүннөтү.*

*Илим-билимдин эң жакшысы – жеке жана коомдук жашоого пайда тийгизгени.*

*Эң чоңката – жалган айтуу.*

*Эң жакшы байлык – жан дүйнөнүн кенендиги.*

*Эң жакшы ыйман – жүрөктүн түпкүрүнөн орун алганы.*

*Сокурдук – көздүн эмес, жүрөктүн жана жан дүйнөнүн көрбөгөнү.*

*Ысырапкордук эң жаман нерсе. Ал эми эң жаман ысырапкордук – адамды ысырап кылуу.*